**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-9** **12-июнь 2026-жыл**

## Сметага өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын 2026-жылдын 3-июнундагы кайрылуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-июнундагы № 13 протоколунун негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешининин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын жана “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын директору Т.Халбаевдин берген маалыматы эске алынсын.
2. “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын жайыт боюнча 2026-жылга карата төлөмдөрү көтөрүлгөндүгүнө байланыштуу жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу акча каражаттарын 1000,0 миң сомго жогорулатууга макулдук берилсин.
3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы “Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө” № 301 токтомуна ылайык тиркемедеги жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу акча каражаттарды максаттуу пайдалануу “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын директору Т.Халбаевге жана аны көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | |
|---|---|
| **Макулдашылды:** | **Н. Садыков** |
| | **У. Азимбаев** |
| | **Э. Жолдошова** |
| | **Т. Халбаев** |
| | **Т. Исаков** |
| **Даярдаган:** | **Р. Джумаев** |